**«Бекитилди»**
Кафедрасынын 201___-ж "___" ________
жыйынынын №________протоколунда.
Каф. Башч . _____________

**«Макулдашылды»**

Фак-н ОМК-төрагасы:____________

Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин "Сүрөт, чийүү жана эмгек" кафедрасы

«Рисунок (студия) » дисциплинасы боюнча 570400 дизайн багытында окуган күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн аралык текшерүүлөрдүн
**тапшырмалары**

Түзгөн: кафедранын доценти, п.и.к. Ысмайылов Мухтар Зулпукарович

Ош-2019

«Рисунок (студия) » дисциплинасы боюнча 570400 дизайн багытында окуган күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн аралык текшерүүлөрдүн

**тапшырмалары**

***1- семестрдин 1- модулу***

***1.Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окуп үйрөнүү боюнча рефераттын планы:***

- Көркөм сүрөт өнөрү, анын түрлөрү жана жанрларын бандап жазгыла;
- Көркөм сүрөт өнөрүнүн каражаттары - формат, кагаз, калем жана анын түрлөрү, жумшак материалдар (соус, уголь, пастель, бор) ж.б.у.с. материалдардар, аларды кайдан алып кантип колдонууну сүрөттөп баяндагыла.
- Сүрөттү (натюрмортту) ырааттуу тартуунун эң жөнөкөй ыкмаларын жана баскычтарын графиканын тили менен көргөзүүгө аракеттенгиле.

***2. Студенттин бизди курчап турган чөйрөдөгү көлөмдүү формаларга болгон образдык ой-туюмунун өнүгүүсүнө баа берүү:***

-Сынында геометриялык формалары бар тиричилик буюмдарынын элестерин бир канча шилтемдер менен чагылдырып көрсөткүлө;

-Шилтемдерди аткарууда алардын композициялык түзүлүшүнө өзгөчө көңүл бургула.

**3.** ***Гипстен жасалган геометриялык формалардын жана негизинде (конструктивдик түзүлүшүндө)геометриялык формалар жаткан буюмдардын сүрөттөрүн тартып үйрөнүү билкичтиктерин баалоо:***

Гипстен жасалган геометриялык формалар жана тиричилик буюмдарынан турган натюрморттун сүрөтүн этаптар менен тарткыла жана иш процессинде төмөнкү маселелерге маани бергиле:

- Компоновка – сүрөттү форматка туура жайгаштргыла;
- Натуранын турпатын түзүп тургузгула;
- Жарык көлөкө мыйзамынын негизинде заттардын көлөмүн чагылдыргыла;
- Сүрөттү жалпылап бүтүргүлө.

*Тапшырмаларды аткаруу үчүн берилүүчү максималдуу* ***упайлардын саны 10***

***1.семестрдин 2- модулу***

***1.Натюрмоттогу пландуулук жана жалпылуулук маселелери жөнүндөгү билимдерин жана түшүнүгүн баалоо:***

-Турпаттын ар бир элементинин конструктивдик түзүп тургузуу, пландуулугун чагылдыруу жөнүндө билген маалыматтарыңарды оозеки же жазуу түрүндө баяндап бергиле;

-Биринчи план, экинчи план, үчүнчү ж.б. жөнүдөгү түшүнүгүңөрдү оозеки сүрөттөп айтып бергиле;

***2.Заттардын тегиздиктеги абалын чагылдыруу, сынында шар, конус, цилиндр формасы жаткан буюмдардын сүрөттөрүн чагылдыруу көндүмдөрүн баалоо.***
Сүрөттү тартууда төмөнкү эрежелерди сактаганга аракет жасагыла:
түзүп чгуу жөндөмү:
-Натуранын графикалык элесинин форматка туура жайгаштыргыла.
-Сүрөттү натуранын пропорцияларын так аныктоо менен түзүп чыккыла.
- Натурадагы заттардын сырткы формасын эске алып чагылдырууда штрихтөө чеберчилигиңерди көрсөткүлө.
-Сүрөт тартуу процессинде рефлекс, жалтырак, көлөкө, жарым көлөкө аркылуу көлөмдү туура чагылдыргыла жана мейкиндикти эске алгыла.
***3.Чоң өлчөмдөгү буюмдардын сүрөттөрүн натурадан тартуу( чоң кумара, ваза ж.б.) жөндөмүнө баа берүү:***
-Компоновка – натуранын графикалык элесин форматка туура жайгаштыргыла;
-Конструктивдүү түзүп - тургузуу ишинин сапаттуу аткаргыла;
-Геометриялык формалардын көлөмүн чеберчилик менен чагылдыргыла;
-Штрихтердин ыргактуулугуна жана кооздугуна көңүл бургула;
-Сүрөттүн жыйынтыкталышы – өңү, мейкиндиги жана композициялык логикасына маани бергиле.
*Тапшырмаларды аткаруу үчүн берилүүчү максималдуу* **упайлардын саны 10**

***2- семестрдин 1 - модулу***
***1.Бурчтук перспективада куб формасындагы буюмдардын сүрөттөрүн натурадан тартуу билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоо.***
- Сызыктуу бурчтук перспективанын графикалык элементтерин кагаз бетине чийип көрсөткүлө;
-Горизонт сызыгындагы эки келишүү чекиттери аркылуу заттын пропорциясын аныктоонун мисалын иштеп демонстрациялагыла;
2.***Архитектуралык декоративдик - орнаменттердин сүрөттөрүн тартуу боюнча билимдерин жана билгичтиктерин баалоо.***
Гипс розеткасынын сүрөтүн натурадан тартууда кийинки эрежелерди эске алууга аракеттенгиле:
-Компоновка – сүрөттү форматка туура жайгаштыргыла;
-Турпаттын конструктивдик түзүлүшүн тургузгула;

-Штрихтер менен гипс розеткасынын рельефин астейдил иштеп, формаларды чагылдырууда жарык көлөкө мыйзам ченемдүүлүгүнүн талаптарын так аткаргыла;
-Гипс рзеткасынын фактурасын сүрөттөп көрсөткүлө;
-Ишти жалпылоо, анализдөө жана көркөмдөп бүтүрүү жагына көңүл бөлгүлө.
*Тапшырмаларды аткаруу үчүн берилүүчү максималдуу* ***упайлардын саны 10***
***2-семестрдин 2 – модулу***

1.***Адамдын баш мүчөлөрүнүн сүрөттөрүн тартып үйрөнүү деңгээлин баалоо:***
Гипстен жасалган баш мүчөлөрүнүн (көздүн, кулактын, ооздун, мурундун) сүрөттөрүн натурадан тарткыла жана алардын формаларындагы негизги өзгөчөлүктөрдү сүрөттөп айтып бергиле. Сүрөттү тартууда кийинки талаптарды көңүлгө алгыла:
-Гипстен жасалган баш мүчөлөрүнүн сүрөттөлүшүн форматка туура жайгаштыргыла жана композициялык артыкчлыгына маани бергиле.
-Натуранын формасын, булчуңдарын анатомиялык түзүлүшүн чеберчилик менен сүрөттөгүлө.
- Гипстин фактурасынын, жарыкка байланыштуу абалын көркөмдөп чагыдыргыла.
-Сүрөттү жалпылоо жана бүтүрүүдө эстетикалык көрүнүшүн эске алгыла .
***2.Портретти аткаууда адам башынын сүрөтүн тартып үйрөнүүнүн мааниси зор.*** Олтурган эркек же аял адамдын сүрөтүн көкүрөк көөдөнү менен тарткыла. Иш процессинде жардамчы сызыктар менен адам силуэтин кагаз бетине композициялык жактан көркөм жана кооз жайгаштырууга аракеттенгиле. Ошол эле учурда натурадан сүрөт тартуунун кийнки эрежелерин сактагыла:
-Композициялык чечмелениши.
- Натуранын пропорциясын туура аныктап тургула;
-Натура менен фондун байланышын сөрөттөп көрсөткүлө;
-Жарык көлөкөсүн штрихтер менен көркөм чагылдыргыла;
-Сүрөттү бир өңгө баш ийдирп жалпыдагыла жана бүтүргүлө
*3.* ***Жыйынтыктоочу портфолиолордун презентациясы***
-Рисунок курсунан өз алдыңарча аткарган чыгармачыл эмгектериңердин жыйнагын сунуштагыла;
-Дисциплина жөнүндөгү слайддар, виделор топтомун көрсөткүлө.
-Дисциплинанын темалары боюнча буклеттерди , фото сүрөттөрдү демонстрациялагыла;

-Чыгармачыл көргөзмөлөргө, коференцияларга, ж.б. чыгармачыл иш-чараларга катышкан фото баяндарыңардын баарын тиркегиле.
-Презентацияны мазмундуу жана таасирдүү кылып даярдагыла.
*Тапшырмаларды аткаруу үчүн берилүүчү максималдуу* ***упайлардын саны 10***

Түзгөн: "Сүрөт, чийүү жана эмгек" кафедрасынын доценти, п.и.к.
Ысмайылов М.З.